КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ, ИЛИМ ЖАНА МАДАНИЯТ МИНИСТРЛИГИ

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ

Кол жазма укугунда

ЧОКОЕВА ДИЛБАР МАМАТКУЛОВНА

# ТӨЛӨГӨН КАСЫМБЕКОВДУН ТАРЫХЫЙ РОМАНДАРЫНДА ТАРЫХТЫ КӨРКӨМ АНДОО ПРОБЛЕМАЛАРЫ

10. 01. 01. - Кыргыз адабияты

Филология илимдеринин кандидаты
окумуштуулук даражасын алуу үчүн
жазылган диссертациянын

Автореферат ы

Бишкек 1997

Иш Кыргыз Республикасынын улуттук илимдер Академиясынын кыргыз адабияты жана адабий байланыштар секторунда аткарылды.

Илимий жетекчи - филология илимдеринин доктору, профессор К.Асаналиев

Официалдуу оппоненттер: Кыргыз Республикасынын улуттук илимдер Академиясынын корреспондент-мүчөсү, илимге эмгек сиңирген ишмер, филология илимдеринин доктору,профессор А.Садыков

филология илимдеринин кандидаты, доцент Ү.Касыбеков

Жетектөөчү мекеме - Казак мамлекеттик университети.

Диссертациялык иш "___"__________ 199 ж. саат ____тө Кыргыз мамлекеттик улуттук университетинин алдындагы Д 10.97.55 адистештирилген кеңештин жыйынында корголот.

Дареги: 720024 Бишкек-24, Манас көчөсү, 101

Диссертация менен Кыргыз мамлекеттик улуттук университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот.

Автореферат 199__ж."___"__________ жөнөтүлдү.

Адистештирилген кеңештин
окумуштуу катчысы, доцент Ж.М.Рыскулова

## ЭМГЕККЕ ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨ

Теманын актуалдуулугу. Тарыхты көркөм чыгарманын обьектиси кылып алгысы келген жазуучунун милдетин: Его дело воскресить минувший век во всей его истине деп, Пушкин бир сүйлөм менен гана аныктап коюптур. Бирок, ушул бир сүйлөмгө батырылган милдетти иш жүзүнө ашыруу канчалык татаалдыгын узактан-узак тарыхы бар дүйнөлүк адабиятта, тарыхый жанрдын XIX кылымда гана пайда болгону далилдеп турат. Прозанын бул түрү коомдук аң-сезимдин, интелликттин жогорку даражасында жаралышы, анын татаал форма экендигин ырастайт. Демек, тарыхый жанр дүйнөлүк адабиятта жаш жанр деп эсептелсе, ал эми профессионал жазма адабият катары жаңыдан өмүрүн баштаган улуттук көркөм сөз өнөрүндө жазуучу Төлөгөн Касымбековдун "Сынган кылыч", "Келкел" романдары бул жааттагы жападан жалгыз көрүнүш экендиги таң калыштуу эмес. Ырас, тарыхый чыгарма делип көп эле романдар жарык көрдү. Бирок алардын бири да бирөөсү аталган жанрдын критерийлерине толук жооп бере албайт десек, чындыктан анча деле алыс кетпеген болор элек.

"Жерден жик чыкты, эки кулагы тик чыкты" дегендей "Сынган кылыч" автордун да, жазма адабиятыбыздын да бир топ жаш кезинде жаралгандыгына карабай (1966-жылы биринчи жолу жарык көрөт) өтө чыйрак жазылып, тарыхый жанрдын пайдубалын эле түптөбөстөн, дегеле улуттук прозаны жаңы деңгээлге көтөргөн этаптык чыгарма болуп калды. Ошондуктан Төлөгөн Касымбековдун тарыхый окуяларды кандай көркөм интерпретациялаганын иликтеп чыгып, түйүндүү маселелерин чечмелеп берүү коомдук илимдерибиз үчүн жетишээрлик актуалдуу проблемалардан.

Эмгектин илимий жаңылыгы. Жаш адабиятчы Г.Мурзахметова "Кыргыз тарыхый жана тарыхый-биографиялык романдарындагы тарыхый окуялар жана көркөм чындык (60-80-жылдар)" деген илимий монографиясында биз изилдеп жаткан проблемага да кайрылат. Автор темасынын аталышына ылайык, кыргыз адабиятындагы бардык тарыхый жана тарыхый-биографиялык чыгармаларда чагылдырылган тарыхый окуялардын көркөм аңдалышын изилдеп чыгат. Албетте, кандидаттык диссертацияда бир нече көлөмдүү чыгарманы бир аспектиден изилдегенде деле үстүрттөн болуп калары түшүнүктүү. Ал эми "Сынган кылычта" элибиздин кечээ жакында эле башынан өткөргөн бүтүндөй бир доору, эл тагдырын ары-бери калчап турган тарыхый инсандардын бүтүндөй бир галереясы көркөмдөлүп жатса, жогорудагы эмгек менен эле аталган проблема толук чечилип калбоосу айкын иш. Анын үстүнө жазуучунун тарыхты көркөм

аңдоосун иликтөө дегенде, чыгарманын сюжеттик-композициялык структурасы жөнүндө ой жүгүртпөй кыйгап өтүү мүмкүн эмес. Анткени, жазуучу эндей жаткан тарыхый фактыларды дал ушул көркөм адабияттын ыкмаларын колдонуу менен "кыймылга келтирип" жатат. Ошондуктан, биз тарыхый окуялардын жазуучу тарабынан көркөм аңдалышын чыгарманын сюжеттик түзүлүшү менен биримдикте кароону туура деп таптык. Чындыгында реалисттик адабияттын методдору менен фольклордук мотивдерди синтездештирип эң бир көркөм, эң бир ишенимдүү тарыхый фон түзүүгө жетишкен жазуучунун чеберчилигин ачып берүү - бул эмгектеги дагы бир жаңылык деп эсептесек болот.

Изилдөөнүн предмети, максаты жана милдеттери. Т.Касымбековдун "Сынган кылыч", "Келкел" тарыхый эки, элтигинде тарыхый окуяларды көркөм аңдоо проблемалары изилдөөнүн негизги предмети болуп саналат. Тарыхый окуяларды, фактыларды көркөм чыгармага айлантууда жазуучу колдонгон тарыхый булактар менен алардын көркөм иштелишин салыштырып, илимий анализ жүргүзүү диссертациянын максатына жатат. Бул максатты иш жүзүнө ашыруу үчүн диссертант төмөндөгү маселелерди чечмелейт:

- чыгарманы жазууда пайдаланылган тарыхый булактарды тактоо;
- тарыхый окуялардын көркөм интерпретацияланышын, түпкү булактардан алынган маалыматтар жазуучу тарабынан кандай өзгөрүүлөргө дуушар болгонун, анын себептерин, чындыктын канчалык деңгээлде сакталганын ачып көргөзүү;
- жазуучунун фактылар менен иштөө ыкмасы, тактап айтканда, тарыхый окуяларды көркөм чыгармага айлантууда автор кандай методдорду колдонгонун аныктоо.

Иштин теориялык жана методологиялык негизи. Диссертацияга теориялык жана методологиялык жактан В.Г.Белинскийдин, М.М.Бахтиндин, Д.Лихачевдун, М.Храпченконун, В.Шкловскийдин, Н.Нефедовдун, В.Осоцкийдин, К.Асаналиевдин, К.Артыкбаевдин, З.Ахметовдун, М.Борбугуловдун, Ү.Касымбековдун , Е.Добиндин, К.Даутовдун, А.Садыковдун, А.Эркебаевдин тарыхый жанр, анын өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү маселелерге кайрылган илимий чыгармалары көмөк көрсөттү. Ошондой эле В.Наливкин, В.Бартольд, Ч.Валиханов, Т.Бейсембиев, Алдан-Семенов, Н.Тагеев, К.Үсөнбаев, Р.Кыдырбаева, Ж.Бөкөмбаев, К.Молдокасымов ж.б. тарыхчылардын, тарыхчы-окумуштуулардын жана тарыхка кайрылган башка адамдардын эмгектери иштин тарыхка байланыштуу маселелерин чечмелөөдө чоң жардамын тийгизди.

Иштин практикалык мааниси. Бул эмгекте козголгон проблемалар

өзүнүн жаңылыгы, актуалдуулугу менен баалуу. Ал өзүндө берилген тарыхый маалыматтардын жетишээрлик даражада толуктугу жана ишенимдүү булактардан алынгандыгы менен мындан кийин, бул экилтик романга кайрылган жаш илимпоздорго, жогорку окуу жайларынын студенттерине курстук жана дипломдук иш жазууда, тарыхый жанр боюнча атайын курстарды өткөрүүгө көмөк көрсөтө алат.

Иштин апробацияланышы. Тема боюнча жарыяланган макалалардын тизмеси авторефераттын акырында берилет. Иштин айрым бөлүктөрү республикалык ж.б. ар кандай масштабдагы илимий конференцияларда доклад-дар жасалган.

Диссертация "Манас" таануу жана улуттук көркөм маданият борборунун кыргыз адабияты бөлүмүндө, борбордун окумуштуулар кеңешинде жана Кыргыз мамлекеттик улуттук университетинин кыргыз адабияты кафедрасында талкуудан өткөн.

Иштин структурасы. Эмгек киришүүдөн, ар бири бир нече параграфтардан турган эки главадан жана корутундудан турат. Иштин акырында пайдаланылган илимий адабияттардын тизмеси берилет.

Диссертациянын негизги мазмуну. "Тарыхый окуялардын "Сынган кылыч" романында көркөм интерпретацияланышы" деп аталган биринчи главада романда сүрөттөлгөн окуялар архивдик маалыматтар менен салыштырылып изилденет. Көп жолу бир канча документтерди кайра-кайра салыштырып көргөндөн кийин, чыгармада тарыхый чындыкка эч жерде кыянаттык жасалбагандыгына да, жазуучу тарыхта болгон нерселерди гана изме-из сүрөттөп жүрүп отурганына чындап көзүбүз жетти. Бирок, автор жеткен, автор тапкан чындыкка жетүү үчүн бизге оңойго турган жок. Анткени, ошол убакта жүргүзүлгөн саясаттын максатына ылайык тарыхыбыз тарыхчы окумуштуулар тарабынан атайын тапшырмалар менен бир топ бурмаланган экен.

Албетте, жазуучу документтерде берилген маалыматтарды таптакыр ээрчип алган эмес. Тескерисинче, айрым бир жерлерде эл арасында айтылып калган сөздөр менен башка элдин өкүлдөрү тарабынан жазылып калтырылган маалыматтарды салыштырып келип, үзүлүп, түшүнүксүз болуп калган учурларды логикалык жактан улаган жерлери арбын. Мисалы, Нүзүптүн алалы. Адегенде эле эскерте кетүүчү нерсе, менин жеке пикиримде, Нүзүп тарыхый инсан болгону менен чыгармада сүрөттөлгөн башка тарыхый каармандарга салыштырмалуу анда жазуучунун өздүк кошумчасы (вымысел) көбүрөөк, бирок автордун көркөм чындыгы, архивдеги маалыматтарга салыштырмалуу логикалык жактан алда канча ыраатуу, ишенимдүү. Жазуучу тарыхый фактыларды сокур түрдө ээрчибестен, логикалык жактан өзүнчө өнүккөн көркөм чындыгын жараткан

жана ал чындыктан тарыхый чындык эч бир жабыр тартпайт. Тескерисинче, архивдик булактарда көп жерлери түшүнүксүз, байланышы жок берилген фактылар, чыгармада ички себептери, өбөлгөлөрү менен ачылып берилип, тээ заманда болуп өткөн тарыхый окуялар окурмандын көз алдына жандуу картинадай тартылат. Мисалы, В.П.Наливкиндин "Кокон хандыгынын кыскача тарыхы" деген эмгегинде бири экинчисине кайчы келген маалыматтар кездешет. Автор адегенде кокондуктардын үстүнөн болгон жеңишти түздөн-түз Шералынын жеңиши катары эсептеп, эл буга абдан ыраазы болуп, атына жараша өзү да "шер экен" деп мактап жатышты-деп жазат. Өзү да куштарланып отуруп төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарат: "Шералы заслужил это, конечно, либо своей распорядительности и своим хлоднокровием во время осады он много способствовал отражению такого сильного врага, каким был эмир по отношению к Фергане"[1]. А качан Ибрагимбек колго түшүрүлүп келгенде Нүзүп четке чыга берет ("Сынган кылыч") "өзү жазалаСын" деп, Шералынын айласы алты кетет. Бул окуя жөнүндө В.П.Наливкинде мындай деп берилет: "... Шерали совсем не знал, что ему делать с этой новой обузой, но решился ни в каком случае не казнит пленного, на что считал себя в прав, ибо Аталык, по его мнению был нистолько государственный преступник, сколько личный его враг, покушавшийся на его личная права. Это отношения Шер-Али к Аталыку хотя и не вызвали негодования, но за то безусловно всех и удивили, и разсмешили. По всюду стали раздаваться такая восклицания, как: "Шер-Али атала!", "Шер-Али шавля!", "Шер-Али пустак!"[2]. Көрүнүп тургандай, бул окуяларды жазып жаткан авторго хандыктын ички турмушу анча белгисиз болгондуктан, өзүндөй эле ички факторлордон кабарсыз элди ээрчип, Шералыны бирде "Шер", бирде "атала" атап отурат. Ал эми "Сынган кылычтын" ушул окуяларын сүрөттөгөн эпизоддорун окусак, жогорудагыдай түшүнүксүз жерлери жок. Анда жазуучу ички факторлорго көбүрөөк көңүл буруп, тарыхтын жүрүшүнө таасирин тийгизип жаткан адамдардын пенделиги менен байланыштыра ачат. Жазуучу түпкү булактан алган маалыматтарды майда деталдарына чейин так сактоо менен анда так берилбей калган же бир себептер менен түшүп калган жерлерди логикалык жактан калыбына келтирүүдө же тарыхый фактынын өзүн көркөм дөөдө тарыхтын бүтүн процессин эске алуу менен иштейт, фактыларды ошого карата иргейт.

---

1.Наливкин В.П. Краткая история Какандского ханство. Казань, 1886. С. 150-151.

2.Аталган эмгекте. С. 153.

Шералы, Кудаяр хандарга карата айтылган жогоркудай бири-бирине карама-каршы турган маалыматтардын бир багыттагысын тандап алып, ошол боюнча көркөмдөйт. Мисалы, окурмандарга белгилүү болгондой, романда Шерали өз алдынча бир да иш бүтүрүп, буйрук берип көргөн хан эмес. Айланасындагылардын айдаган жагына жүргөн кудайдын бир момуну. Шералини адегенде кой оозунан чөп албаган жоош адам катары тааныштырган жазуучу ушул логиканы акыр аягына чейин бекем кармапат. Романдын сюжеттик структурасын ушул принциптен чыгып курайт. В.П.Наливкин болсо Шерали тууралуу: Шерали хан Юсуп (Нүзүп) менен Малабекти кыпчактарга жөнөттү, Юсуп Малабектен кыпчактын бектеринин бирин койбой Мусулманкулду баш кылып өлтүрүүнү суранды жана ушуга байланыштуу Юсуп миң башылыктан четтетилип, Маргаланга бек болуп дайындалды-деп жазат[I]. Көрүнүп тургандай, мында Нүзүп жетектөөчү эмес, буйрукту аткаруучу адам катары гана берилип жатат, Бирок болбой эле хандыктагы анын салмагы окуучуга сезилбей койбойт. (Мусулманкулдун өлүмгө өкүм болушун ачыктан-ачык талап кылышы ж.б.). Тарыхый маалыматтардын мазмунунан баш багып турган ушул логика чыгармада ачык көрсөтүлөт: "... Ушул кооптуу учурду пайдаланып, чочуп кетип, бир чоң амал берип тындыра койсо, тынууну болжоп, Мусулманкул Нүзүптүн аталыктыгына моюн толгой баштады. Муну угар замат Малабекти жанына кошуп алып, Нүзүп кыпчактарга жүрүш кылды. Нүзүптүн күчү көп эле. Урушуп абийир алалбасына көзү жеткен соң, кыпчактын эстүүлөрү камчыларын мойнуна салып келип, өзүлөрү багынып беришти. Нүзүптүн каары жазылган жок. Ал Мусулманкулду баш кылып ага жан тарткан бектерден кырк бегин туткунга алып, ордого түшөрү менен бирин калтырбай желдеттин колуна тапшырмакчы болуп кешөргөн боюнча кайтты" деп, окуялар түздөн-түз Нүзүптүн жетекчилиги астында өнүгүп жаткандай баяндайт. Бул Нүзүптүн өмүрүндөгү акыркы эрдиги эле...

Чыгармада көркөмдөлгөндөй, Нүзүптүн башын алууга жиберилген чабармандын артынан Жаркын айым башкача буйрук жаздырып, башка бирөөнү жөнөттүргөн окуя түпкү булактарда документ жүзүндө бекемделбейт. Демек, бул эпизод жазуучунун көркөм кошумчасы. Ал эми Шералинин андан аркы тагдыры жөнүндө кыскача гана маалымат берүү менен чектелет да, жазуучу Кокон хандыгындагы Нүзүптүн дооруна чекит коет.

Архивдик булактарда Мусулманкул, Абдырахман тоолук кыргыздарды жакшы көрүп, жакындан катышкан адамдары болгон деп жазылган.

---

I.Наливкин В.П. Краткая история Какандского ханство. Казань, 1886. С. 157-158.

Бирок, себеби көрсөтүлгөн эмес. Жазуучу болсо, балдарын эмчектеш кылып өстүргөн кыпчак-кыргыздардын эзелки салты боюнча Мусулманкулду Кырк уул уругунан Алмамбетке эмчектеш кылып өстүрүшкөн деп берет. Чыгармачыл интуициясынын жардамы менен Мусулманкулдун тоолук "эмчектештерине" жасаган мамилесин, ар кандай саясий интригаларын калыбына келтирүүгө аракеттенет. Кудаяр хандын жаштыгынан жана болумсуздугунан пайдаланып, ордону жекебийлеп турган "тууганы" Мусулманкулга учурашуу үчүн Алмамбет атайы келип, ордодо бир топ күн жүрүп калат. Күндөрдүн биринде ордо атышып жаткандарды карап отуруп, Кудаярдын кыраан ойноп жаткандыгын байкаган ал хаизаданы шыйрактап барып чийиндин четин бастырып койгонун, ордодогу өңчөй кыйындардын көз алдында бир тоолуктук ошончо оройлукка батынганы, тоолуктарды өз тарабына кошп эсептеп, бел тутуп жүргөн Мусулманкулга куп жагып, ал ыраазы болгонунан "эмчектешин" хандын казынасына киргизсе, Алманбетке ошончо дүнүйөнүн ичинен бир чапан жагып, ал да батпай айрылып кетип, казынадан куру кол чыкканын кызыктуу сүрөттөйт. Архивдик булактарда берилген келки-келки маалыматтарды жазуучу элдин күндөлүк турмуш-тиричилигине ушундай кынтыксыз синтездеп, абдан ишенимдүү тарыхый фон түзүүгө жетишет. Мусулманкулду адам баласынын тарыхында чанда учуроочу эң оор жаза менен жазалаганын түпкү булактарда көп авторлор бекемдейт. Чыгармада бул жазанын өтөлүшү жүрөк титирээрлик деңгээлде көркөмдөлгөн.

Адегенде Нарбото бий, анын мыкты, чыгаан уулу Алимхан өздөрүнчө күчтүү мамлекет курууну максат кылып, Кокон хандыгын негиздешсе, улам кийинки муун чабал чыгып, аталарынын ишин улап, мамлекеттин чегин кеңейтип бекемдебестен, тескерисинче, болгонун четинен алдырып отуруп, хандыкты жоюлуп кетчү чекке жеткиришет. Ким-кимиси болбосун (Шераилинин го жөнү башкачараак) Кудаярда, Насирдин да бийликти гана колдон чыгарбоону көздөшкөн. Ал бийлик кандай бийликке айланыпибаратканы жөнүндө ой жүгүртө алышпаган. Бул жөнүндө жазуучу төмөндөгүдөй ирония менен сүрөттөйт: "Кокондон Ташкенге чейин жер-суусун, эли менен Россия империясына өткөрүп берип, орустардын куралдуу илимпоз, саякатчы соодагерлеринин жолу тосулбай хандыктын кайсы жеринде болсо да эркин жүрүүсүн шарттаган "положениеге" кол коюп, ушуну менен Кудаяр хандын көңүлү тынып кайтты. Өлкөсүнө ичтен, тыштан кам көрүү убарачылыгы жонунан түшүп, алтын тыйындай гана болуп нукура бийлик өзүнө калгандай жеңилденип кайтты".[1]

Кудаяр хан өзү минтип бийликке жармашып, орус империясынын жардамы менен түбүн биротоло бекемдеп алуу үчүн убараланып жатканы

---

1.Касымбеков Т. Сынган кылыч. Фрунзе: Кыргызстан, 1979. 235-б.

менен эч эсептешпей, бул убакта башынан ордону каалашынча калчап көнгөн кыргыз-кыпчак бектери жаңы ханзада издей башташкан эле. Натыйжада миң тукумуна эч тиешеси жок, кыргыз молдо Асандын уулу Ысак, Алимхандын небереси - Болот-бектин ысымын жамынып, хан атанын тарыхый аренага келет.

Кыргыздын эч кимге белгисиз Бостон деген майда уруусунан чыккан мусулманча сабаты бар бул адамдын тагдырындагы күтүлбөгөн бурулуш эл башына алаамат күн түшүп, миң тукумдарынын башынан куту учуп, ыкшоолукка, ыпластыкка берилип, калк камын ойлобой эле өз жандарынын жыргалын көздөп калган кризистик абалга келип жеткен учуруна туш келет. Же ички, сыртк факторлордун баары чогулуп келип мезгил Ысакты хан көтөрөт (ички, сыртк факторлор дегеним: молдо Ысактын сырткы кебетеси, миң тукумунан эч нерсеге жөндөмсүз, жүүнү бош Болотбек дегенине окшош болушу, ошого жараша Ысактын көкүрөгү зарделүү келип, хан атын коркпой алууга жетишээрлик дымактуу жаралышы, тоолуктар менен Кудаяр хандын ортосу бирикпегендей болуп ажыраганын көрүп, башка ханзада издеп Самаркандга барып, жолу болбой келаткан кыргыз депутациясына анын жолугуп калышы ж.б.)

Хан атын алары менен Болот тарыхый даректер боюнча да, чыгарма боюнча да Чаткалга келет. Тарыхый маалыматтарда Болот хан андан ары түштүк-батыш тарапка (Кокон уездинин болуштугуна) ооп, таасирдүү кыргыздардын жардамы менен кол курап жүрүп отургандыгы айтылат. Ушул убакта Өзгөндүн тегерегинде жана башка жерлерде кыргыздардын көтөрүлүштөрү чыгып, аны Болот хан жетектеп турган деп берилет. Көтөрүлүштү басуу үчүн Кудаяр төмөндөгүдөй чараларды көрөт: "Кыргыздарды басыш үчүн Кудаяр хан Иса-Аулия, Абдырахман абтабочы жана Сарымсак эшик агасы башында турган төрт миңге чейинки үч отряд жөнөттү"[1].

Романда бул көтөрүлүштөр кеңири сүрөттөөгө алынган эмес, кыскача гана төмөндөгүдөй информация берилет: "Ошол 1875-жылдын жайында көтөрүлүш дагы тоодон башталып, Нарын дайранын Кара дайранын көкүрөгүнө, Көгарт, Өзгөн, Алай аймагына жайылып, түздөгү отурукташкан кыргыз-кыпчак, өзбек уруктары да кошулуп кетти. Искак урушсуз Анжиян шаарын ээледи"[2]. Ошентип, Ысак молдо тарыхый даректерге изме-из сүрөттөлөт. Бирок, Шерали Кудаяр хандардын чыгармадагы облиги башкачараак түзүлөт. Белгилүү окумуштуу В.Осковцкий мындай

1.ЦГВИА, фонд ВИА, д. 6887. С. 65.
2.Касымбеков Т. Сынган кылыч. Фрунзе, 1979. 358-б.

деген: "Тарых илими өткөндүн обьективдүү картинасын берет, болуп өткөн окуялардын чындыгын калыбына келтирип, аларды кыймылдаткан закон ченемдүүлүктөрүн ачат. Тарыхты нравалык жактан адабият тескейт. Көркөм адабият тарых менен өзүнчө эсептешет, анткени прогресс жана реакциянын көнүмүш түшүнүктөрүн өзүнө гана белгилүү руханий критериялар менен баалоочу адабияттын логикасы менен тарыхтын логикасы дайыма эле окшош боло бербейт. Тарыхчы, мисалы Хорезмдин акыркы султаны Жалал-Эддиндин Чынгыз хан менен болгон теңдешсиз күрөшүн прогрессивдүү деп белгилөөгө акылуу, бирок, художник үчүн анын бүткүл адамдык маңызын көрсөтүү маанилүү"[1].

Т.Касымбеков да Шерали, Кудаярлардын образын көркөм адабияттын жогоруда белгиленген специфкалык бөтөнчөлүктөрүнө ылайык иштеп чыккан. Тарыхчы К.Молдокасымов Кудаяр ханды атасынан өтө жумшак мүнөздү мурастап калгандыктан, эч кимге катуулук кыла алган эмес. Мусулманкулду өлтүрүүгө жана кыпчактарды кырууга буйрукту, хандын апасы Жаркын айым көшөрүп отуруп сурап алган[2] деп жазат. Ошондой эле убагында Шералынын ыр жазганын, ал эми Кудаяр хан сөзгө, ырчыгө жакын болуп, ыр жазган таежеси Зыйнатка ушунчалык ызат-сый менен мамиле жасаганын белгилеген. Жазуучу болсо Кудаярды анын башкаруусу алдында турган элдин ал-ахыбалы менен байланышта жана миң тукумунун хандык династиясынын болгон потенциалы менен байланышта сүрөттөп жатат. Алардын башкаруу тартиби туюкка келип камалган тартип эле. Бирок, хандын өз тукумунан аны көрө билген адам чыкпады. Кимиси такка келсе да мурдагы тапталган жол менен гана бийликке тырыша берищти. Жазуучу булардын баарын өзү тараптан бир да комментария бербестен туруп, түзүлүп жаткан кырдаалдарды көрсөтүп, анын түпкү себептерин ачып жүрүп отурат. Шералинин, Кудаярдын оң жактарын аң-сезимдүү түрдө "унутта" калтырат. Эгер антпесе, чыгарманын логикасы жана тартмак, көркөм образдын бүтүндүгүнө доо кетмек.

Тарыхчы К.Үсөнбаев өзүнүн "К вопросу о характере Кокандского движения 1875-1876 гг" деген илимий эмгегинде "Туркестанские ведомости" гезитинин 1876-жылы 24-февралда чыккан санында берилген: "Пулаткан был заключен в тюрьму в крепости Махреме, откуда через месяц он бежал (22 августа 1875 г.)" деген маалыматты келтирген. "Сынган кылычта" жазуучу мына ушул кабарды көркөм трактовкалап, Искахты зындандын түбүндө жаткан жеринен адам катары психологиялык

1.Оскоцкий В. Связь времени //Новый мир, 1972, № 4. С. 238.
2.Молдокасымов К. Кокон хандыгын кыргыз аялдары башкарганбы? //Кыргыз маданияты, 1991. 23-май.

жактан ачууга аракеттенет. Анын ички ой толгоолоруна, адамдын ичин бышырган айласыз абалда жатып, бирде ындыны өчсө, бирде көкүрөгү жек көрүү менен кайратка жык толуп, болгон мүмкүнчүлүгү менен күрөшүүнү, алдынан тоскон ар кандай тоскоолдуктун быт-чытын чыгарып, Ала-Тоонун ой-кырын ээн-эркин жойлогусун келтирип жиберген түрдүү эмоционалдык абалдарда көрсөтөт. Чыгарма боюнча Исакты Бекназарлар, Абдырахман баштаган козголоңдун кабшабында зындандан уурдап чыгып кетишет."Бул түздөн түз Курманжан датканын буйругу менен иштелген" деп жазат, жазуучу кийин Курманжан датканы эскерген макаласында[1].

Романдагы жазуучунун көркөм чындыгы менен тарыхый булактарда берилген маалыматтардын ортосундагы принципиалдуу айырмачылык Ысактын орустар менен болгон мамилесине байланыштуу келип чыгат. Анткени, тарыхый адабияттарда орус офицери Даниловдун өлтүрүлүшү түздөн-түз Полот хандын ысымы менен байланыштырылат. Бул окуя кезегинде орус коомчулугуна чоң резонанс туудурганын Д.Ивановдун "Геройская смерть Данилова и коканский бунт в 1875 году" деген кол жазмасынан байкалып турат. Автор муну көркөм прозага жакындатып, эң майда деталдарына чейин, ал эмес пейзажды сүрөттөө менен берген. Башка кол жазмаларда туткундардын ичинен Даниловдон башка дагы беш орус Полот хандын буйругу менен өлтүрүлгөн деп берилсе, "Туркестанские ведомости" гезитинде (№ 2, 1877 г.) өлгөндөрдүн саны сегиз деп жазылган.

Чыгарма болсо Данилди өлтүргөндүгү үчүн Исках өзүнүн эң жакын адамын, тактап айтканда, өзүнүн хандыкка келишине бирден-бир себепкер болгон Абдымомун бекти катуу сындырып, аз эле жерден өлүмгө буйруп жибербейт жана бул окуя Исах менен атасынын ортосундагы жараканы ого бетер тереңдетип, ого бетер оңолгус жагына келтирет. Эми бул жерде маселе кыйла татаалыраак. Анткени, Ысактын өз атасын өлтүрткөнү, Абдымомундун буйругу менен (Абдымомунду Полот хандын буйругун орундаткан деп көрсөтүшөт жогорудагы авторлор) күнөөсүз орустардын өлтүрүлгөндүгү - төгүндөлгүс тарыхый фактылар. Ким билет, балким, турмушта алар бири-бирине байланышы жок, ар бири өзүнчө болгон кокуй иштердир эле. Бирок жазуучу буларды бириктирип, өз максатына, тактап айтканда,Искахтын күнөөсүн актоо актысына баш ийдирип жатат. Мындан орустарга каяша көрсөткөн окуя сүрөттөлсө эле, баса калып, саясий айып тагып турган цензорлордун көзүн боеп,ошол кездеги саясатка анча-мынча компромисске барууга жазуучу кантсе да

1.Касымбеков Т.Курманжан, анын катаал заманы //Ленинчил жаш, 1991. 25-июль.

мажбур болгон болсо керек деп болжолдоого болот. Анткени жазуучунун көркөм чындыгы түпкү булактарда берилген маалыматтарга эмес, тарыхчы-окумуштуулар берген маалыматтарга жакындашып турат. Көптөгөн архивдик жана фольклордук булактарда көрсөтүлгөндөй,-деп жазат тарыхчы-окумуштуу А.Хасанов,-кыргыз элинин көтөрүлүшүнүн 1875-1876-жылдардагы экинчи этабы биринчи этабындагыдай эле орустарга эмес, Кокон хандыгына каршы көтөрүлгөн, ошондуктан ... жалпы элдик мүнөзгө ээ болгон.

Кокон хандыгындагы көтөрүлүштүн экинчи этабында болсо - эки тенденция болгон: улуттук-боштондук жана феодалдык-реакциялдук. Элдик боштондук кыймылы экинчи тенденцияга ачыктан ачык үстөмдүк кылган. Ушундай жол менен кыргыз-кыпчактардын Кокон хандыгынын эзүүчү саясатына каршы чыккан боштондук кыймылы, феодалдык-дин өкүлдөрүнүн Кокон хандыгын ... калыбына келтириш үчүн орус империясына каршы күрөшү аралашып кетүүсү менен көтөрүлүштүн экинчи этабы, абдан татаалдашып кеткен"[1].

"Сынган кылыч" болсо автор биринчи тенденциянын, тактап айтканда, элдик-боштондук кыймылынын чыгышынын түпкү себептерине көбүрөөк токтолгон.Ал эми экинчи тенденция үстүртөн, элдик кыймыл менен биригип кеткен жерлерде гана берилет. Анткени, автордун негизги максаты кыргыз чындыгын көркөм андоо болгондуктан, тоолук элди ордуна отургузбай улам көтөрүп чыгып жаткан себептердин түпкү тамырын изилдеп таап чыгууга аракет жасаган.

Бул бөлүмдүн акыркы параграфы "Сынган кылыч" романынын поэтикалык маселелерине, конкреттүү айтканда анын сюжеттик-композициялык курулушуна арналат. Башка жанрда жазуучу тигил же бул турмушта болгон окуяны негиз кылып алат да, аны жалпы коомдук процесс менен, каарман таандык болгон социалдык катмардын чоң, кичине проблемалары менен тыгыз байланыштырып, ушул реалдуулук берген мүмкүнчүлүктүн алкагында чыгармасынын сюжетин өнүктүрүүгө акысы бар. Ал эми белгилүү тарыхый окуялар, тарыхый адамдар жөнүндө көркөм чыгарма жазып жаткан жазуучунун эркиндиги кайсы бир деңгээлде чектелүү болушу мүмкүн. Анткени, эгерде жөн-жай чыгарма жазууда сюжеттик кырдаалдарды түзүүгө жазуучу өзү толук кожоюн болсо, тарыхый ситуациялар авторго баш ийбей, жазуучу окуяларды эрчип жүрүүгө аргасыз болгон учурлар көп болору бышык. Бирок, жазуучунун милдети тарыхый фактылардын баарын сөзсүз түрдө берүү эмес, биринчи кезекте, тарыхый процесстин ички механизмин, анын кыймылдаткыч факторлорун ачып

---

1.Хасанов А. Взаимоотношения киргизов с Кокандским ханством и Россией в 50-70 гг. XIX веке. Фрунзе, 1961. 101-б

көрсөтүү болуп саналат. Бул үчүн жазуучу каармандарды, окуяларды типтештириши, мезгил жана мейкиндик боюнча орундарын которуп бериши жана башка көптөгөн көркөм ыкмаларды колдонушу толугу менен ыктымал.

Сюжет түзүүдө мезгил жана мейкиндик да чоң мааниге ээ. "Хронотопы являются организационными центрами основных сюжетных событий романа. В хронотопе завязываются и развязываются сюжетные узлы. Можно прямо сказать, что им принадлежит основное сюжетообразующее значение"[1] деп М.М.Бахтин белгилегендей, биздин изилдөөбүздүн обьектиси болгон Т.Касымбековдун экилтик романындагы мезгил сюжет уюштуруучу негизги компоненттердин бири катары катышат. Жазуучу адегенде кыймыл-аракеттин өзүн окуя болуп жаткан мейкиндикте көрсөтүп, анан ал окуядагы негизги каарманды тааныштыруу үчүн мезгил, мейкиндик боюнча артка чегинет. Тактап айтканда, каармандын балалыгына, жаштыгына, туулган жана буга чейин өмүрүн өткөргөн жерлерге жетелейт окурманын.

Сюжет уюштурууда жазуучу ретроспектүү ыкманы абдан кеңири колдонот. Ар бир тарыхый личносттун жана кыялый каармандардын окуялары ушул ыкма менен өнүктүрүлөт.(албетте, бул жазуучунун сюжет куруудагы жеке ыкмасы эмес, негизги методдорунун бири деген ойду айтып жатабыз). Мисалы, "Сынган кылычтын" биринчи бөлүмүндө берилген окуялар мезгили боюнча чыгармада сүрөттөлгөн доордун башына да, аягына да эмес, орто ченине туура келет. Ал Алымкул аталыктын, Кокон хандыгынын болгон аскердик мүмкүнчүлүгүн топтоп, генерал Черняев баштаган орус аскерине көрсөткөн катуу айбаты менен башталып, өрттөй чатырап өөрчүп келаткан салгылаш, Алымкул аталыктын өлүмү менен бирдей жалп өчүп Кокон хандыгынын аскери жай-жайына тарап кеткени, жоокерлерин баштап өздөрү турак кылган улуу тоолорду бүттеп бараткан жолдо Абил паңсат менен Бекназар баатырдын ортосундагы тирешүүнүн ачыкка чыгышы, элеттин бейгам тиричилигин бузуп, Темирдин суук кабарын угузушу, Кокон хандыгынан элчи катары келген Абдырахман абтабачы менен Абил бийдин элге сөзү өтпөй, жигит жыйнай албай калганы сыяктуу окуялар берилет. Алардан, чыгарманын көркөм структурасы, ар бири өзүнчө өнүккөн бир нече сюжеттик линиялардан курулары белгилүү болот: тоолуктар менен Кокон хандыгынын ортосундагы, Кокон хандыгы менен орус падышачылыгынын ортосундагы маселелер, Абил менен Бекназардын ортосундагы өмүр бою созулган

---

1.Бахтин М.М. Время и пространство в произведениях Гете. Эстетика словесного творчества. М., 1986. С. 216.

эрегишти сүрөттөгөн линиялар. Бирок жогоруда биз санап өткөн эпизоддордон, чыгарманын башталган жери эмес экени сезилип турат. Бул бөлүктүн аткарган функциясын так аныктоо кыйын, анткени ал өзүнүн белгилери боюнча экспозицияга да (каармандар, окуялардын кандай тарыхый шарттарда өтө тургандыгы жөнүндө алгачкы маалыматтардын жеткирилиши), кульминацияга да (Алымкул аталык менен Черняевдин беттешиши Кокон хандыгынын тарыхындагы, акыркы жолу орустарга көрсөткөн катуу айбаты болуп калат. Мындан кийин хандын алсырагандан алсырап орус жарым падышачылыгына бийлигин, байлыгын чекеден тарттырып жүрүп олтурат) окшошуп кетет. Бирок, менин оюмча, бул бөлүк сюжеттин аталган эки элементине тең жатпайт. Ал формалык жактан гана биринчи планга көчүрүлгөн же окуяны чордонунан баштап берүүгө ык алган жазуучунун туруктуу көркөм методунун, чыгарманын жалпы структуралык деңгээлиндеги көрүнүшү. Эгерде, логика боюнча, окуяларды өз ордуна коюп окусак, чыгарма 1842-жылы Шералини хан көтөрүү менен башталараары белгилүү болот.

Жазуучу мезгил менен мейкиндикти каалашынча экчөөгө композициянын ийкемдүүлүгүнүн жардамы менен жетишкен. Жогоруда келтирилген трансформациялардын баары композициянын компоненттери: диалог, монолог, портрет, пейзаж, интерьер, философиялык, лирикалык жана тарыхый чегинүүлөрдүн жардамы менен ишке ашырылып жатат. Андан башка сюжеттен тышкары элементтерди чыгарманын тулкусуна сиңирүүдө да композиция жардамга келет. Ошондуктан адабиятты таануу илиминде композиция сюжетке караганда алда канча кеңири түшүнүк деген пикир пайда болсо керек.

Менин жеке пикиримде, романдын көркөм структурасындагы дагы бир маанилүү компонент – фольклордук мотивдер, аларды жазуучу чыгармачылык менен абдан ыктуу пайдаланат. Бул баа – романдын композициялык жактан жабдылышына, сюжеттик структурасынын түзүлүшүнө бирдей таандык. Мисалы, каармандардын портреттери төмөндөгүдөй: "... Дагы куланчаар аргымак ыргыштап, оозунан ак көбүгүн омуроосуна сапмарлатып, үстүндөгү алпатан эр наркескен кылычын оңду-солду шилтеп, заар үн салып чаңырып келди". "Бекназар жолборстой күркүрөп алдынан жан беттеп тосо албай : -Атаганаңдын!.. Хандын тагасы эмес, агасы болсо да өлтүргүм келсе өзүм эле өлтүрөт болчумун Домбуну"[1] деп, бийик пафостто берилген учурлары арбын. Албетте жазуучу буларды ылайыктуу орунда, ылайыктуу каарманга карата, сүрөттөлүп жаткан доордун эстетикалык чен-өлчөмүн эске алуу менен колдонот.

---

1.Касымбеков Т. Сынган кылыч, 405, 425-б.

Романдагы фольклордук башталма чыгарманын түпкү тамырынан сызылып келип өзөктөш өсүп олтурган, эң бир ичке "тамырларына" чейин "куюлган", а чындыгында романды роман кылып ушул деңгээлге көтөргөн негизги рычаг десем, менимче, аша чаппайм. Анткени, андагы орошон берилген улуттук колорит дал ушул фольклордук башталманын жардамы менен ишке ашырылган. Фольклордук мотивдер сөз болуп жаткан романды композициялык жактан жабдууда негизги каражаттардын бири болсо, фольклордук сюжет-архетипти колдонуу менен жазуучу элеттик турмушту Кокон хандыгында болуп жаткан окуяларга чебер айкалыштырып, ишенимдүү тарыхый фон түзүүгө эле жетишпестен, түштүк кыргыздардын Кокон хандыгынын тушундагы тарыхый чындыгын ушул архаикалык сюжеттин жардамы менен калыбына келтирет. Дегеле, романдын көркөм структурасы негизинен үч сюжеттик катмардан курулган:

I. Тарыхый окуялардын канвасы.

2. Социалдык линия.

3. Архетип сюжеттер.

Жазуучу архаикалык сюжетти жаңыртып, өзү сүрөттөп жаткан доордогу реалдуулукка ылайыктап, жаңы форма,жаңы мазмун берет. Буга Нүзүптүн көркөм образынын иштелиши айкын далил: ата-баланын ортосундагы келишпестик, чыгаан уулдун сөзсүз өзүнө тете аты болушу, тактап айтканда, тулпар проблемасы, баатырдын ар кандай себептер менен өзү туулуп өскөн эл-жеринен алыста жүрүп калышы, жышанаалуу түш көрүшү - тээ "Манас" эпосунан бери колдонулуп келаткан сюжеттер. Бирок муну, "сюжеттик формалардын көнүмүш (строетиптүү) композициясы" катары кабыл алууга мүмкүн эмес. "Манас" эпосунун байыркы варианттарынан бери келаткан салт боюнча Аккула Манас туулган күнү туулса, кийинки айрым манасчылар сюжетти коомдук-социалдык өзгөрүүлөргө ылайык модернизациялап, Манаска тулпарын дыйканчылык кылдырып саттырып алдырганы белгилүү. Ал эми Т.Касымбеков бул форманы өзү сүрөттөп жаткан доордун жашоо образына жараша Нүзүпкө баласынтпай жүргөн бий атасынын жылкысынан кырк байталын бир атка алмаштырып алдырат. Ошондой эле Манастын атасы Жакып менен, Курманбектин атасы Тейитбек менен болгон наразылыктары - душманга кыңк этпей баш ийип, алардын сураганын берип жашоо же алар менен салгылашып күнкордуктан кутулуу сыяктуу жалпы элдик проблемалар боюнча көз караштарынын бирдей эместигинен келип чыкса, Нүзүптүн атасына болгон таарынычы өз доорунун социалдык проблемаларынын кыртышында пайда болот. Нүзүптүн салынды аялдан төрөлүшү жана башынын таздыгы атасын намыстандырат. Эсенбай бий аны баласындай кылып ээрчитип жүрүп,эл, жер көргөзүп тарбиялабайт. Эч жерде колдоо көрсөтпей

өзү менен өзүн таштап койгондугу, Нүзүптүн өзү эле курч натурасын ого бетер чыңалтат.

"Келкел" романынын тарыхый негизи" деп аталган экинчи бөлүм да ушундай эле принципте иштелет, тактап айтканда, адегенде тарыхый окуяларды көркөм чыгармага трансформациялоо маселелери, анан романдын поэтикасы изилденет.

Тарыхый булактар боюнча Курманжан Кудаяр хандын тушунда эле ордого жандуу аралашып, Кудаяр хандын апасы Жаркын айым, таежеси Зыйнат менен тыгыз алака катышта болуп, анын натыйжасында тоолуктар менен хандыктын ортосунда сырт көзгө байкала бербеген ички байланыш түзүлөт. Курманжан ушул байланыш аркылуу күйөөсү Алымбек датканын жогорку бийликке жетишине шаты жасап, келечекте өзүн аялдан чыккан биринчи даткалыкка жеткирчү саясий капитал жыйнайт. Бирок, чыгармага Курманжандын эмүрүндөгү бул маанилүү этап киргизилген эмес. Алымбек датканын өлүмгө кириптер болор алдындагы айрым окуялар гана ретроспективдүү планда берилет. Бирок, белгилеп кетүүчү нерсе, жазуучу ушул кичинекей эпизод аркылуу эле Курманжан, аял укугу эң акыркы орунга көюлган коомдо жашап туруп, даткалык даражага кокустан ээ болбогондугун, ал курсактан саясатка жөндөмдүү сапаттар менен төрөлүп, аны турмушунда эң сонун пайдалана алганын, саясат ойнунда өзү жеткен бийликке чечкиндүү, көшөргөндүк менен ыраатту күрөшүүнүн натыйжасында жеткенине окурманын ынандыра алат. Сырттан карагандарга жана бул окуялардын алда качан изи суугандан кийин жарыкка келген, кийинки муундарга: Россия падышачылыгы жана Орто Азиянын өз алдынчалуу хандыктары эсептешкен, алар жылуу алака-катышта болууга аракеттенишкен, алыскы тоо арасында жашаган бир кыргыз аялдын мынчалык ийгилигинин сырын түшүнүү бир топ татаал. Ал өзүнүн катарындагы саясатчылардан алысты болжой алган акылмандыгы, прогрессивдүү, ийкемдүү ой жүгүртүп, улам жаңы кырдаалга даяр тургандыгы менен айырмаланган жана алардан бөлүнүп алдыга чыга алган. Токсонго чыга жашаган Курманжандын бүткүл өмүрү эң бир татаал күрөштөрдөн турган. Ал өзүнүн үй-бүлөсүнүн эмес, бүтүндөй бир чөлкөм элдин тагдырына жооп берген, ошолор үчүн күрөшкөн.

Архивде Курманжан датка жөнүндөгү маалыматтар абдан эле көп. Ошондой болсо да жазуучу Т.Касымбеков Курманжандын көркөм образын түзүүдө жазылып калтырылган маалыматтар менен эл оозунда айтылып калган аңыз сөздөрдү бирдей карап, салыштырып отуруп, өзү чындыкка жакын деп тапкан кабарды көркөм интерпретациялаганын байкоого болот. Чыгарманын баш жагында эле бажыканага көюлган орус отряды менен Камчыбектердин ортосундагы чатактын ырбап кетишине себепкер

болгон бир окуя берилет. Ал орустардын Камчыбектин келинчеги Асел айымдын чачын кесип салышы. Мындай маалымат тарыхый булактардан кезикпейт. Ал эми эл арасында кеңири айтылганы:

Акыйкатты сүйлөсөң,
Көктөгөнгө күйөмүн.
Айымдардын чачпагын
Кескенине күйөмүн[1]

деген сыяктуу ыр саптарынан көрүнүп турат.

Ошондой эле "Келкелде" Курманжан датка генерал Скобелевге жети ачкыч тапшыруу менен Ферганадагы жети шаардын - Ош, Анжиян, Өзгөн, Кокон, Наманган, Маргалаң жана Коженттин ачкычын тапшырды деген жери бар. Бул факты да тарыхый булактардан кезикпейт. Жазуучунун Курманжан датканын 180 жылдык юбилейине карата жазган макаласында Курманжан датканын Скобелевди кандай тосуп алып, кантип жети шаардын ачкычын тапшырганы эл оозунда улуу сөз катары эмдигиче айтылып жүрөт" деп эскергендигинин өзү жогорудагы биздин болжолдообузду дагы бир жолу ырастайт. Жазуучунун бул көркөм чындыгы логикага канчалык жакындыгы жөнүндө Т.Касымбеков "Келкел" романында келтирген маалыматтарга карагандa Курманжан датка Скобелевге жети ачкыч тапшыруу менен Ферганнын жети шаарынын тагдырын орусия империясынын колуна тапшыргандыгын символдуу түрдө билдирип, беш пункуттан турган шартнамага кол койгоң. Бул факты али документалдуу түрдө так аныкталбаса дагы анын чындыгы бар. Анткени, 1876-жылы Кокон хандыгы кулап, Фергана чөлкөмү орус падышачылыгына өткөн кезде багынып берүү тууралуу шартнамага кол коюп турган бир дагы абройлуу адам хандыкта калган эмес"[2].

Курманжан датка тарыхый маалыматтар боюнча генерал Скобелевдин алдына туткун катары алынып келинет. Бирок генерал даткага туткун эмес, жогорку даражалуу сый конокко жасаган мамилени жасап, өз колу менен чапан жаап, даам сыздырган, анын ар жакта жүрүп күрөшүүнү улантып жаткан уулдарын өзүнө чакырып алууну суранат. Чыгармада: Курманжан датка нечен жолу артынан түшкөн отряддан из жашырып, орустардын аны жаман ниет менен издеп жүргөндүгүнө көзү жеткенден кийин, анын үстүнө бул отряддын ичинде кадырлуу Шабдан мырза бар экендигин билгенден кийин гана отрядды киши жиберип тостуруп алат. Бирок майор Ионов менен жолугушуудан баш тартып, генерал Скобелевдин өзү менен жолугушсам деген ниетин билдирет деп берилет.

---

1. Жума уулу. Акыйкатты сүйлөсөң... //Жаштык жарчысы, 1991. 15-август.
2. Кененсариев Т. Кыргыз тарыхында калат //Жаштык жарчысы, 1994. 15-август.

Курманжандын өмүрүндөгү унутулгус дагы бир трагедия - сүйгүнчүк уулу Камчыбектин өз көз алдында даргага асылып, үч уулу, бир небереси катары менен Сибирге сүргүнө айдалышы болгон. Бирок Курманжандын кайгысы жеке эле бул эмес, орус империясы деңиздеги акула болсо, өз элинин анын жанында чабак балыктай болуп алсыз, коргоосуз экенин толук аңдап сезгендиги кошумча болгон.

Эл башында турган адамдарга биринчи коюлчу критериялар: анын башкаруусу алдында калкы кандай жашады, элге эмне жакшылыктарды алып келди? Калк башына катуу күн түшкөндө калканч боло алдыбы? деген сыяктуу суроо-талаптар эмеспи. Курманжан датканын феноменинин дааеги ушул суроолорго тарыхтын оң жооп айта алгандыгында турат. Ырас, ал элдин тарыхын бүтүндөй өзгөртүп, оң жолго түшүргөн прогрессивдүү кадамдарды жасай алган жок. Андан муну талап кылуу да мүмкүн эмес эле. Бирок, "жан этин жеп" күрөшүп жүрүп жеңип алган бийлигин, акырына чейин эл кызматына жумшады. Элге биртике да болсо жеңилдиктерди алып берүүгө жетишип, туш-туштан сунулган суук колдордон өзүнө караштуу чөлкөмдүн элин убактылуу болсо да калкалай алды. Анын артыкчылыктарынын дагы бири, балким эң маанилүүсү: саясий жактан жетиктиги болгон. Ар кандай аракеттин эмне натыйжага алып келерин болжолдоп билип, анын алдын алып калууга, болтурбай коюуга жетишип тургандыгы. Өзүнүн күчү менен каршы тараптын күчүн так таразалап, "аксактын акырына карай" саясат жүргүзүп, элинин тынч жашашына жетишүүсү болгон.

Анжиян көтөрүлүшү Т.Касымбековдун "Келкел" романына баш каармандардын бири Т.Сатылгановдун өмүр жолуна тиешеси бардыгына байланыштуу киргизилген. Токтогул бул көтөрүлүшкө чын эле катышканбы же жокпу - бул илимде тактала элек. А чыгармада болсо баштатан белгилүү "Токтогул көтөрүлүшкө катышкан эмес, Керимбай болуштун өчөгүшкөн жалган жалаасы менен сүргүнгө айдалган" деген көз караш интерпретацияланат. Жазуучу жеңин мылтык кылып душманга суна чуркатып, Мадали эшендин карикатуралык кейпин берген-деп наразылыгын билдирген Абдыкерим Муратов "1898-жыл. Анжиян кыргыз көтөрүлүшү" деген макаласында[1]. Чындыгында эшен көтөрүлүшчүлөрдү таяк менен жабдып, душманга тийгизип койсоңор эле алар жан таслим боло берет, мылтык менен атчу болсо оозунан ок эмей эле суу куюлуп калат деген жок ишеним менен "куралдандырганын" М.А.Терентьев белгилеп кеткен[2]. Демек, жазуучунун эшенди бир аз ирония менен сүрөттөгө-

---

1. Муратов А. 1898-жыл. Анжиян кыргыз көтөрүлүшү //Кыргыз маданияты, 1991, 15-декабрь (Автор макаласын окумуштуу Атабек уулу Фалылбектин "Дукчи эшен вокласы (1927-ж.) деген китебине таянган -И.Д.).
2. Терентьев М.А. История завоевания Средней Азии.СПб., 1906.С.448.

нү тегин жерден болгон эмес. Жогоруда аттары аталган авторлор Анжиян аскер округунун чоңдору, элдин тынчы кетип, кандайдыр бир нерселерге даярданып жатканы белгилүү болсо да, тоготпой койгондуктарынын натыйжасында, көтөрүлүшчүлөр уйкуда жаткан элдин үстүнө басып кирип, 22 солдатты өлтүрүп жиберген деп жазышкан[I]. Бул цифра башка бир булактарда 23 деп да көрсөтүлөт. Кыскасы, ушунун тегерегиндеги адамдын өлгөндүгү анык болгон. Чыгармасында жазуучу бул санды аябай азайтып., бир эле солдат каза болгон деп жазат. Балким, жазуучу ошол кездеги цензурадан чочуп, анча маанисиз бул деталга кимдир бирөөсүнүн көңүлү бурулуп калбасын деп сактангандыр. Жазуучунун көңүл чордонунда Токтогул туруп, анын көркөм образын түзүү болгондуктан, бул көтөрүлүштү үстүртөн гана акынга кандай тиешеси болуп калгандыгын көрсөтө кеткен. Мындан башка Токтогулга байланыштуу жалпыга белгилүү маалыматтар: анын Алымканга ашык болуп, бирок жетпей калышы, Керимбайлар менен болгон чатагы, Сибирге айдалышы, келгенде үй-бүлөсүн кандай абалда көргөндүгү, Совет бийлигинин жергебизде орнотууга жасаган кол кабышы ж.б. белгилүү окуялардын баарысы тарыхта кандай берилсе, ошол боюнча көркөм трактовкаланат.

"Келкелдеги" дагы бир негизги каарман - М.В.Фрунзе. Бул ар бир кыймылы кагазга түшүп турган белгилүү кол башчынын көркөм образын түзүүдө автор бир топ өз алдынчалыкка умтулат. Мисалы М.В.Фрунзенин ишмердүүлүгүн чагылткан бир эпизодду келтирели: кол башчы менен Мадаминбектин жолугушуусу түпкү булактар боюнча өтө ар түрдүү. М.Полыховский деген автор М.В.Фрунзе Ташкентке келери менен ал жердеги абал менен таанышып, Веревкинге Мадаминбек менен тынчтык жолу менен келишүү үчүн сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө буйрук бергенин жазган[2]. Бирок өзү бул сүйлөшүүгө түздөн-түз катышпайт. Ушул эле автордун комментариясы боюнча Мадамин-бек туюкка кептелгенин, андан ары күрөшүүнүн эч кандай мааниси жок экенине көзү толук жеткенден кийин гана куралын таштайт. Ал эми башка бир авторлор, ошонун ичинде Фрунзенин өзү да Мадамин бек акыркы чекке жетип эмес, андан мурдараакта эле Совет өкмөтүнүн эмнени каалап жатканын түшүнгөн соң кызылдар тарапка өткөн деп эсептешкен. Жазуучу да мына ушул көз караш көркөм интерпретациялайт. Мисалы, Мадаминбектин "сүйлөшөлү" деп чакырган жерине, чыгарма боюнча, курал-жарагын таштап, Фрунзе өзү барат. Ушундай болушу мүмкүн беле? Менимче жок. Кол башчы тарабынан бул аябагандай чоң тобокелчилик болмок. Андан көрө Алдан-Семеновдун версиясы чындыкка бир топ жакыныраак.

---

I.Терентьев М.А. История завоевания Средней Азии. СПб., I906. С. 45I-452.

2.Алдан-Семенов А. Гроза над Россией. М., I984. С. 328-329.

Анда Мадамин бек жолугушууга өзү келет. Ортодо мааниси боюнча "Келкелде" берилген сөздөргө жакын сүйлөшүү жүрөт. Мында Мадамин-бек Совет бийлигинин түпкү максатына толук көзү жетпей күмөндөнүп, бир чечимге келе албай, большевиктер өзү менен максатташ экенине бекем ишенгенден кийин гана алар тарапка өткөн деген көз караштш эки жазуучу тең эске алуу менен ар кимиси өз алдынча көркөмдөгөнү көрүнүп турат.

"Келкел" романынын сюжеттик-композициялык структурасында тарыхый окуялардын аткарган функциясы" деген акыркы параграфта "Келкелдин" поэтикалык маселелери жөнүндө кеп козголот. "Келкел" идеялык-тематикалык жактан түздөн-түз "Сынган кылычтын" уландысы, тактап айтканда, биринчи китепте түштүк кыргыздардын Кокон хандыгына баш ийип турган мезгилиндеги абалы көрсөтүлсө, "Келкелдин" биринчи бөлүгүндө кыргыздардын орус падышачылыгынын башкаруусу астындагы турмушу сүрөттөлөт. "Келкел" сюжеттик-композициялык структурасы жагынан да "Сынган кылычка" окшош, б.а., роман биринчи чыгармада колдонулган көркөм ыкманын негизинде курулган. Мисалы, бажылоочуларга байланыштуу окуялар 1895-жылдарга, Курманжандын доорунун аяк чендерине туура келет. Жазуучу түрмөдө жаткан Акбалбанды тилмеч менен сүйлөштүргөнчө анын өткөн-кеткенге өз алдынча, дараметинин жетишинче ой жүгүрткөнүн берет да, окуяны кыска кайрып, Камчыбек, Акбалбандарды жазалоо иш жүзүнө кандайча ашырылганын сүрөттөө менен бул окуяны аягына чыгарып, андан ары тээ 60-жылдары "Сынган кылычта" сүрөттөлгөн доордогу окуяларды карай артка чегинет. Алымбек датканын, Сары өзөн Чүйгө келип, Жангарач бий баш болгон бул элдин жакшылары менен баш кошкон жыйын, ал жыйынды зарыл кылган тарыхый кырдаал ачылып берилет. Ордонун тартибин, ордодо кабыл алынган жүрүш-туруш эрежелерин көрүп, ордо ээлеринин кылтыңдамай саясий оюндары менен тааныш болуп, ага аралашып калган, өз заманынын, өзү жашап жаткан коомдун профессионал саясатчысы Алымбек датка менен тоолук элдин бетке айткан шар мүнөзүн, элге аралашып, ачык-айрым жүргөн жөнөкөйлүгүн, баеолугун сактап калган элет бийлеринин ортосундагы айырманы, тосуп алуу, узатуу салтанаттарын сүрөттөө менен тарыхый фон түзүлөт.

Ошентип, жазуучу "Сынган кылычта" сүрөттөлгөн доордо жашап, аракеттенген Алымбек, Курманжан датkалардын өмүрү, ишмердиги жөнүндө биринчи чыгармада атайлап "унчукпагандыгы" Келкелдин" сюжеттик-композициялык түзүлүшүнөн көрүнүп турат. Автор, биз сөзүбүздүн баш жагында белгилегендей, бул романдарынын бир эле убакта бүткөн чыгарма катары ар бирин өзүнчө жана ошол эле мезгилде экилтик

роман катары кароого, кабыл алууга боло тургандай кылып пландаштырган. Жана муну менен Курманжан датканын жана анын урпактарынын коомдук ишмер катары тагдырларын, келип чыккан башаты менен бирге берип, автор чыгармасынын мазмунунун жыйнактуу чыгышына жетишкен.

"Сынган кылычтын" сюжети эпизоддук принципте түзүлгөндөй көрүнгөнү менен ички, мазмундук бүтүндүккө ээ экендигин биз мурдагы главада далилдөөгө аракеттенгенбиз. "Келкеде" болсо мындай бүтүндүккө дайыма эле жетишилбей, айрым учурларда эпизоддук принциптерге жол берилген. Белгилүү төкмө Токтогул Сатылгановдун өмүрү жана чыгармачылык жолуна байланышкан сюжеттик линия лирико-социалдык аспектиде өнүгүп, Токтогулдун чыгармадагы алгачкы кадамы, өзүнө рухташ белгилүү комузчу Ниязаалы менен жолугушуудан башталат. Ал кезде жаш Токтогул бул жердеги залкар таланттарга кездешиши, өзүнүн чыгармачыл шык жөндөмүнүн көрөңгөсү канчалык экенин, башкалар менен салыштырып туруп, өзү баалап көрүүгө, талантынын дагы жаңы сырларын ачууга мүмкүнчүлүк алат. Ушул жерден бүгүнкү күндө элибиздин алтын казынасына айланган "Алымкан", "Миң кыял" деген ыр күүлөрүнүн жаралышына себепкер болгон чоң сүйүүсүн табат. Ошондой эле анын адам катары өмүр бою жүрөгүнө өксүк тагын калтырган социалдык конфликттер да ушул жерден башталып, ушул жерден окуялар түйүндөлөт.

Бизге адабияттын тарыхынан Арзымат менен Токтогулдун айтышы белгилүү жана ал текст (ыр) чыгармада келтирилет. Автор баштатан белгилүү из боюнча жеңил гана көркөм штрихтерди берип жүрүп отурат. Бирок, сөздөрдү орду-орду менен туура пайдаланышы, дегеле алардын көркөмдүк чен өлчөмү, ошол доордун ар бир тибине карата туура тандалышы менен автордук ойдун күчтүүлүгү - чыгарманын сюжеттик курулушундагы айрым кемчиликтерди көшөгөлөп, көздөн далдаа кылып турат. А чындыгында конфликттер деталдаштырылбай тарыхый фактылар менен келки-келки боюнча берилип калган.

"Келкелдин" поэтикасындагы дагы бир мүчүлүш көрүнүш - Карасакалдын көркөм образынын иштелиши. Карасакалдын фигурасы - логикалык бүтүндүгү жок, ар жерде ар кандай көрүнөт. Курманжан даткага, анын балдарына атаандашканына, аларга бут тозгусу келип, орус бийлигин сатып алууга талпынганына караганда, ал жетишээрлик бай, эл ичинде өз орду бар адам болуш керек. Бирок, анын реалдуу социалдык абалы, орду көрсөтүлбөйт, "кыз төрөйсүң" деп аялын сабап, "боздойсуң" деп төөсүн сабаган, босогодон ары кетер акыл парасаты, салмагы жок сейпеңдеген бир киши катарында көрүнөт. Ырас, төртүнчү бөлүмдө анын чарбасынан анча-мынча кабарлар берилет. Аны баягы тилмеч коркутуп олтуруп, атасынан калган миң тешедей суулуу жерин тартып алып,

Карасакалдын өзүн да отуруктапкан жашоого көндүрүп, кошуна кылып алган делип, айрым маалыматтар Карасакалдын мурунку биографиясына уланып берилсе, айрымдары мурунку кабарларга карама-каршы келет. Мисалы, ал төртүнчү бөлүмдө аялынын такыр согончогу канабагандыктан "куу баш" атыккан адам катары көрүнөт. Бир сөз менен айтканда Карасакал чыгармада туруктуу орду жок, окуяларды жалгаштыруу үчүн кандайдыр бир шылтоо керек болгон жерде пайдаланып, керексиз жерде калып калган, ыраттуу иштелбеген аламан каарман. Жазуучу эмнегедир Карасакалга келгенде өзүнүн чен-өлчөмүн жоготуп койгондой таасир калтырат. Анын Мекеге барганын, авантюралык ар кандай иштерин кеңири сүрөттөп отуруп алуусу чыгармага кандайдыр бир көркөмдүк салмак кошуп жибере алган эмес. Тескерисинче, бул жагынан анчымынча аксатып койгон. Кийинки бөлүмдөрдө Карасакалды ушунча узун сабак сөзгө алгандагы максат: "Аман палванды чыгармага киргизүү үчүн платформа түзүү гана болбосо, бул эпизоддор чыгарманын мазмуну менен башкача мааниде байланышпайт. Карасакалдын окуяларынан кийин ушул бөлүмдө Курманжандын даңктуу өмүрүнүн эң акыркы мүнөттөрү берилет. Бул чындыгында эң бир терең иштелип, бийик көркөмдүктө чыккан кыйкырыксыз, бакырыксыз улуу жаралган аял личностунун өтөгө өмүрүнүн маанисин философиялуу чечмелеген мыкты чыккан эпизоддордун бири. Жазуучунун белгилеп кете турган дагы бир жетишкендиги - Курманжан датканын өмүрүнүн легендага айланып кетишинин реалдуу себептерин ачык көрсөтө алгандыгында. Анын, ошол мезгилдеги коомдук ишмерлерге, "экинин бири" болуп турган өзүнүн күйөөсүнө салыштырмалуу алда канча прогрессивдүү ойлоно алгандыгын, окурман ынангыдай деңгээлде ачып бере алганында.

<u>Корутунду.</u> Азыркы жыйынтыктап жаткан ишибизде изилдөөгө алынган Т.Касымбековдун тарыхый экилтигинде түштүк кыргыздардын тарыхындагы абдан белгилүү этапты жана абдан белгилүү тарыхый личносторду сүрөттөөгө алат. Бирок, кеп теманы тандап алышта эмес, аны кандай чагылдырышта эмеспи. Жазуучу чыгармасын жазууда тарыхый факты-материалдарды абдан кылдаттык менен талдап үйрөнгөндүгү жана аларды көркөм интерпретациялоодо тарыхый жанрдын спецификалык закон ченемдүүлүктөрүн бекем сактагандыгы менен айырмаланат. Жазуучу буларды сактоодо жана колдонууда абдан чыгармачылык менен мамиле жасайт.

Албетте, бул романдар жарык көргөндөн баштап жакшы деп бааланган чыгармалар, демек сөзсүз жакшы болуш керек деген принципти тутунган жокпуз. Бардык учурда обьективдүү кароого тырыштык. Чыгарма кайсы жеринен чындап күчтүү, кайсы жеринен солгунураак чыгып калганын мүмкүнчүлүгүбүздүн жетишинче аргументтер менен далилдөөгө аракет жасадык.

Диссертациянын негизги мазмуну автордун төмөнкү эмгектеринде чагылдырылган:

І. "Келкел" романынын сюжеттик курулушу  Жаштардын изденүүлөрү. Бишкек, І996.-І,5 б.т.

2. "Келкелде" Курманжандын көркөм образы  Жаш талапкерлердин изилдөөлөрү. Бишкек: Илим, І996. -0,5 б.т.

3. Нүзүптүн тарыхый инсандыгы жөнүндөгү талаш маселелер: Китепте: Адабиятыбыздын актуалдуу проблемаларынан. Бишкек, І997. - 0,5 б.т.

4. Болот хандын тарыхый чындыгы  Табылга.-Бишкек, І996. Манас таануу жана көркөм маданияттын улуттук борбору.

5. "Сынган кылыч" романынын сюжеттик структурасы //Вестник КГНУ: Сер. филологические науки. Вып. 2. Бишкек, І997. -0,5 б.т.

## РЕЗЮМЕ

В диссертации Д.М.Чокоевой исследуются проблемы художествен ного осмысления исторической правды в романе-дилогии Т.Касымбекова "Сломанный меч" и "За тучей белеет гора". Путем сопоставления различных исторических документов, отражающих исторические события, которые послужили основой для создания произведения с художественным текстом, диссертант пытается выявить способы и средства их художественной передачи, принципы художественного переосмысления, определяющие особенности творческого почерка Т.Касымбекова.

Диссертанту удалось показать, что Т.Касымбеков использовал исторические данные в основном из двух видов источников: из разных народных преданий и сказаний и из рукописей, которые оставили участники и наблюдатели этих событий. Но рукопись страдает определенными недостатками, например, автор зачастую не знает психологию, менталитет и образ жизни жителей горного края. Тем самым не смог разобраться во всех сложностях, трудностях жизненного бытия тогдашнего кыргызского жителя. Поэтому жизнедеятельность кыргызов описано очень скудно, фрагментарно, в силу чего невозможно полностью узнать и восстановить правду кыргызской истории.

# S U M M A R Y

The problems of the artistic comprehension of historical truth in T.Kasymbekov's two-volume novel "The Broken Sword" and "The Mountain Shows White behind the Cloud" are investigated in D.M.Chokoeva's dissertation. The dissertator tries to reveal the methods of the artistic conveying as well as the principles of the artistic re-comprehension, characterising the peculiarities of T.Kasymbekov's creative manner, by means of comparrison of different kinds of historical documents, depicting the historical events, on the basis of which the artistic text was created.

The dissertator has managed to show that T.Kasymbekov has used the data from the two kinds of sources: one of them is the people's legends and stories while the other represents the manuscripts which were left by the participants and the observers of those events. But there are several shortcomings in any manuscript, for instance, the author very often does not know the psychology, mentality, and the way of life of the mountain region inhabitants which prevents him from understanding the complexities and hardships of the everyday life of the Kyrghyzstan inhabitant of that time. That is why the vital activity of the Kyrghyzes is described very scanty and fragmentary and because of that it is impossible to get to know as well as to restore fully the truth of the Kyrghyz history.